Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2019-жылдын IV чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассасына кайтарымдуулугу 2019-жылдын IV чейрегинде 99,1 пайызды түзүп, 2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,1 пайызга төмөндөгөн (2018-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,2 пайызды түзгөн).

***1-таблица.***


Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы *(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-ж. IV чейреги | 2019-ж. IV чейреги | 2018-ж. IV чейреги | 2019-ж. IV чейреги | 2018 –ж. IV чейреги | 2019-ж. IV чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **498 527,3** | **590 925,1** | **502 379,2** | **596 396,7** | **99,2** | **99,1** |
| Бишкек ш. | 255 832,9 | 306 975,3 | 252 232,6 | 303 423,9 | 101,4 | 101,2 |
| Ош ш. | 62 231,5 | 70 423,8 | 62 999,2 | 71 685,8 | 98,8 | 98,2 |
| Чүй областы | 40 057,3 | 44 930,9 | 40 173,9 | 44 813,0 | 99,7 | 100,3 |
| Ысык-Көл областы | 22 928,6 | 27 220,3 | 24 272,4 | 28 512,2 | 94,5 | 95,5 |
| Талас областы | 12 498,1 | 15 165,2 | 14 407,3 | 17 370,0 | 86,7 | 87,3 |
| Нарын областы | 11 006,7 | 13 259,6 | 11 735,6 | 13 806,9 | 93,8 | 96,0 |
| Ош областы | 23 623,7 | 28 167,1 | 23 514,9 | 28 304,5 | 100,5 | 99,5 |
| Жалал-Абад областы | 50 267,2 | 60 619,9 | 52 977,3 | 64 223,9 | 94,9 | 94,4 |
| Баткен областы | 20 081,3 | 24 163,0 | 20 066,0 | 24 256,4 | 100,1 | 99,6 |

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2019-жылдын IV чейрегинде өткөн жылдын IV чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Нарын областы боюнча – 2,2 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 1,0 пайызга;
- Чүй областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Талас областы боюнча – 0,6 пайызга;

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2019-жылдын IV чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча – 101,2 пайыз жана Чүй областы боюнча – 100,3 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 87,3 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде **590 925,1** млн сомду түзүү менен 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 18,5 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 265 388,1 млн сомду, көбөйүү 17,0 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 226 862,3 млн сомду) түзгөн;

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 26 179,9 млн сомду, көбөйүү 10,5 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 23 699,0 млн сомду) түзгөн;


- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациалоодон 80 210,4 млн сом, көбөйүү 26,5 пайыз (2018-жылдын IV чейрегинде – 63 394,4 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруу үчүн – 41 345,7 млн сомду, көбөйүү 17,6 пайызды ( 2018-жылдын IV чейрегинде – 35 145,5 млн сомду) түзгөн;


- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 43 987,3 млн сомду, көбөйүү 16,7 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 37 688,7 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан нак акчанын келип түшүүсү – 50 816,5 млн сом, көбөйүү 30,8 пайыз (2018-жылдын IV чейрегинде – 38 850,6 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2018-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2019-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2019-жылдын IV чейрегинде **596 396,7** млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 18,7 пайызга көбөйгөн.

2019-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 263 364,5 млн сомду, көбөйүү 17,8 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 223 518,9 млн сомду) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 29 396,2 млн сом, көбөйүү 15,2 пайыз (2018-жылдын IV чейрегинде – 25 504,3 млн сом) чегинде катталган;

- банкоматтарды жүктөө – 112 769,8 млн сомду, көбөйүү 25,9 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 89 565,1 млн сомду) түзгөн;


- локалдык акча которууларга төлөө – 36 473,5 млн сомду, көбөйүү 13,6 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 32 117,4 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 4 897,4 млн сом, төмөндөө 1,2 пайыз (2018-жылдын IV чейрегинде – 4 956,9 млн сом) чегинде белгиленген;


- чет өлкө валютасын сатып алуу – 61 338,5 млн сомду, көбөйүү 26,4 пайызды (2018-жылдын IV чейрегинде – 48 511,8 млн сом) түзгөн;

- эмгек акыны төлөө – 1 061,8 млн сом, көбөйүү 16,4 пайыз (2018-жылдын IV чейрегинде – 912,5 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2018-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2019-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)


2019-жылдын IV чейрегинде клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү **61 819,7 млн сомду түзгөн жана**:

- 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда 15,2 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,3 пайызга көбөйгөн.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны отчеттук чейрек ичинде **2 380 420 төлөмдү түзгөн жана**:

- 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда 11,3 пайызга азайган;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5,4 пайызга көбөйгөн.

**6-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**




### 2.2. Айкын убакыт ыргагында Эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)


Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2019-жылдын IV чейрегинде **978 595,9 млн сомду түзгөн жана**:

- 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда 30,2 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 36,8 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде **147 481 төлөм өткөрүлгөн.** Бул көрсөткүч:

- 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда 14,5 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 15,0 пайызга көбөйгөн.

**7-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**



***2-таблица.***

Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2018-ж. IV чейреги | 2 259 137 | 57 611,2 | 128 240 | 715 576,6 | 2 387 377 | 773 187,8 |
| 2019-ж. I чейреги | 2 388 352 | 43 323,8 | 102 499 | 672 270,1 | 2 490 851 | 715 593,9 |
| 2019-ж. II чейреги | 2 612 084 | 51 909,8 | 116 039 | 724 065 | 2 728 123 | 775 974,8 |
| 2019-ж. III чейреги | 2 684 526 | 53 648,1 | 128 760 | 751 447,4 | 2 813 286 | 805 095,5 |
| 2019-ж. IV чейреги | 2 380 420 | 61 819,7 | 147 481 | 978 595,9 | 2 527 901 | 1 040 415,6 |

### 2.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2020-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү бардык коммерциялык банктар сунушташкан, алардын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системаларынын, 24 банк «Элкарт» улуттук системасынын эмитенттери жана эквайерлеринен болушкан.

***1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы***

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2020-жылдын 1-январына карата абал боюнча 2 980,6 миң картты түзгөн. 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда карттын саны 5,7 пайызга көбөйсө, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,5 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:


**- эл аралык системалар** **1 401 925 (47,0%):**
- «Visa» 851 286 (28,5%);
- «Master Card» 54 387 (1,8%);
- «Золотая Корона» (Россия) 487 246 (16,4%);
- «Union Pay International» 9 006 (0,3%).

**- «Элкарт» улуттук системасы** **1 578 634 (53,0%):**
- «Элкарт» 1 575 068 (52,9%);
- «Элкарт-UPI» 3 566 (0,1%).


***3-таблица***

Кыргыз Республикасынын төлөм карттар рыногунун өнүгүү көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүчтөр | 2018-ж. IV чейреги | 2019-ж. III чейреги | 2019-ж. IV чейреги | 2019-жылдын IV чейреги ичиндеги өсүш арым (%) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2018-ж. IV чейреги | 2019-ж. III чейреги |
| Эмитирленген төлөм карттарынын саны (миң даана.) | 2 432,6 | 2 820,7 | 2 980,6 | 22,5 | 5,7 |
| 1 миң адамга (эмгекке жарамдуу жана пенсия курагындагы) эмитирленген төлөм карттарынын саны | 588 | 671 | 709 | 20,6 | 5,7 |
| Төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын саны (млн транзакция) | 11 | 11,9 | 13,6 | 23,6 | 14,3 |
| Төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 56 307,9 | 59 238,0 | 72 974,1 | 29,6 | 23,2 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылган нак эмес операциялар көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 11,4 | 10,6 | 13,1 | 14,8 | 23,2 |



8-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны



9-график. 2020-ж. 1-январына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны

***4-таблица.***


Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 589 880 | 37 066 | 137 794 | 440 367 | 5 970 | 2 813 | 1 213 890 | 40,7 |
| Чүй областы | 43 730 | 3 569 | 53 772 | 163 628 | 1 326 | 85 | 266 110 | 8,9 |
| Ысык-Көл областы | 38 331 | 2 394 | 42 565 | 133 873 | 378 | 87 | 217 628 | 7,3 |
| Нарын областы | 10 508 | 1 144 | 30 119 | 98 544 | 0 | 100 | 140 415 | 4,7 |
| Талас областы | 18 096 | 1 147 | 16 629 | 62 454 | 470 | 36 | 98 832 | 3,3 |
| Жалал-Абад областы | 52 914 | 3 811 | 88 999 | 260 881 | 452 | 144 | 407 201 | 13,7 |
| Ош областы | 78 616 | 3 883 | 86 693 | 299 483 | 325 | 211 | 469 211 | 15,7 |
| Баткен областы | 19 211 | 1 373 | 30 675 | 115 838 | 85 | 90 | 167 272 | 5,6 |
| **Жыйынтыгында** | **851 286** | **54 387** | **487 246** | **1 575 068** | **9 006** | **3 566** | **2 980 559** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн болуп саналат.Алсак, 2019-жылдын IV чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндө үлүшү Бишкек шаары боюнча 58,0 пайызды түзгөн. Ал эми Талас областы боюнча 2,9 пайыз чегинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

2019-жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча депозиттик базанын коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги калдыктарынын көлөмү карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча 26,3 млрд сомду түзгөн. 2019-жылдын III чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 8,28 пайызга көбөйүүсү байкалса, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 17,0 пайызды түзгөн.

10-график. 2019-ж. IV-чейреги үчүн областар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)




11-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын динамикасы (млрд сом)




***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***


Отчеттук жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагы боюнча орнотулган 1 712 банкоматта жана 11 114 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 8,2 пайызды же 129 банкоматка көбүрөөктү, ал эми POS-терминалдар 10,6 пайызды же 1 068 POS-терминалга көбүрөөктү түзгөн). Мындай көбөйүү калайык-калкка банктык төлөм карттарды колдонуу жагында шарттарды түзүү максатына байланыштуу болгон.

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- «Visa» жана «MasterCard» эл аралык системалары боюнча – 676 банкомат жана 5 268 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча– 214 банкомат жана 1 231 POS-терминал;
- «UPI» эл аралык системасы боюнча – 338 банкомат жана 1 245 POS-терминал.




12-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны




13-график. Системалар боюнча терминалдардын саны

***<u>5-таблица.</u>***

Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 702 | 6589 | 635 | 524 |
| Чүй областы | 152 | 690 | 197 | 178 |
| Ысык-Көл областы | 177 | 535 | 200 | 196 |
| Нарын областы | 69 | 93 | 123 | 74 |
| Талас областы | 69 | 105 | 84 | 97 |
| Жалал-Абад областы | 210 | 325 | 317 | 249 |
| Ош областы | 254 | 593 | 408 | 374 |
| Баткен областы | 79 | 65 | 155 | 135 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 712** | **8 995** | **2 119** | **1 827** |

***3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

Отчеттук жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 72 974,1 млн сом жалпы суммасында 13,6 миллиондон ашык транзакция өткөрүлгөн, III чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,3 жана 23,2 пайызга жогорулоо байкалган (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 23,6 жана 29,6 пайызга көбөйүү жүргөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 66 263,4 млн сом жалпы суммасында 10 189,0 миң транзакцияны түзгөн, 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда саны 10,9 пайызга өскөн, ал эми көлөмү 20,7 пайызга (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,5 жана 24,5 пайызга) көбөйгөн;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 6 710,7 млн сом жалпы суммасында 3 433,8 миң транзакцияны түзгөн, жылдын III чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 24,5 жана 55,1 пайызга (өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 67,0 пайызга жана 2,2 эсеге) көбөйгөн.

***6-таблица.***

Соода-тейлөө ишканаларында карттар боюнча нак акчага айландыруу жана төлөө операцияларынын саны жана көлөмү

| **Төлөм картынын түрү** | **2019-жылдын III чейрегинде** | | | | **2019-жылдын IV чейрегинде** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Нак акча алуу** | | **Соода -тейлөө ишканаларында төлөө** | | **Нак акча алуу** | | **Соода -тейлөө ишканаларында төлөө** | |
| | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** |
| AMEX | 917 | 4 931,9 | 788 | 15 372,9 | 1 820 | 9 222,8 | 840 | 13 451,1 |
| Элкарт | 5 155 022 | 23 648 466,5 | 930 827 | 578 343,2 | 5 924 902 | 31 796 363,8 | 1 170 609 | 2 409 557,8 |
| Visa | 2 663 304 | 25 315 313,5 | 1 664 784 | 3 360 553,9 | 2 874 050 | 28 056 572,4 | 2 085 232 | 3 915 641,2 |
| Элкарт-UPI | 23 913 | 86 902,9 | 5 037 | 9 692,4 | 25 805 | 96 469,9 | 654 | 9 430,0 |
| UPI | 24 610 | 199 831,1 | 760 | 1 869,8 | 20 852 | 178 979,8 | 831 | 1 549,4 |
| MasterCard | 231 300 | 2 058 989,7 | 135 092 | 349 809,4 | 303 818 | 2 706 290,5 | 152 423 | 349 807,5 |
| Золотая корона | 1 082 149 | 3 566 445,5 | 19 867 | 11 529,8 | 1 034 788 | 3 398 565,0 | 17 980 | 10 959,1 |
| Мир | 4 095 | 29 588,1 | 925 | 313,4 | 2 948 | 20 966,8 | 831 | 313,9 |
| **Жыйынтыгында** | **9 185 310** | **54 910 469,2** | **2 758 080** | **4 327 484,8** | **10 188 983** | **66 263 431,1** | **3 429 400** | **6 710 710,1** |

***7-таблица.***

Карт ээлеринин активдүүлүгү боюнча көрсөткүчтөр тууралуу маалымат

| **Операциянын түрү** | **Жүгүртүүдөгү 1 картка операциялардын орточо көлөмү** | | | | | **Жүгүртүүдөгү 1 картка операциялардын орточо саны (бирдик)** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2018-ж. IV чейреги** | **2019-ж. I чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2019-ж. III чейреги** | **2019-ж. IV чейреги** | **2018-ж. IV чейреги** | **2019-ж. I чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2018-ж. III чейреги** | **2019-ж. IV чейреги** |
| Нак акчага айландыруу ( миң сом) | 21,9 | 17,7 | 19,5 | 19,5 | 22,2 | 3,7 | 3,2 | 3,3 | 3,3 | 3,4 |
| Соода-тейлөө ишканалары аркылуу төлөө (сом) | 1267,8 | 1173,2 | 1441,7 | 1534,2 | 2 251,5 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 1,0 | 1,2 |

### 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушат.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валютанын 13 түрү боюнча эл аралык төлөм өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү жылдын IV чейрегинде 697,0 млрд

сомду түзүп, өткөн чейрекке салыштырганда 2,6 пайызга азайган (өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда көбөйүү 15,9 пайызды түзгөн).

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 772,2 млрд сомду түзүү менен мурдагыга салыштырганда 1,0 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 25,1 пайыз чегинде катталган).


### 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. Жылдын IV чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 45,5 млрд сом жалпы суммасында 2 842,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн чейрекке салыштырганда, которуулардын саны 2,2 пайызга көбөйсө, көлөмү 3,5 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 20,8 пайызга көбөйсө, көлөмү 8,5 пайызга азайган).


Чыккан которуулардын саны 14,1 млрд сом жалпы суммасында 252,1 миң транзакцияны түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 15,4 жана 20,2 пайызга (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,3 жана 9,3 пайызга) көбөйгөн .

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүндө 33,6 пайыз жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүндө 59,7 пайыз туура келген.

**14-график. 2019-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**15-график. 2019-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




Өлкөнүн коммерциялык банктары берген отчетторго ылайык, Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык жактан камсыз кылуу жагында талаптар сакталууда.

Эл аралык акча которуу системаларынын жалпы санынын ичинен төртөө коммерциялык банктар менен камсыздандыруу депозитин берүү менен гана, ал эми бир система камсыздоо төлөмүн сунуштоо аркылуу, калгандары камсыздоонун эки түрүн тең колдонуу менен иш алып барышат.

Отчеттук чейрек ичинде валютанын беш түрү боюнча эл аралык акча которуулар жүргүзүлгөн.

#### *1) АКШ долларында акча которуулар*

2019-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 184,4 млн АКШ доллары суммасында 380,4 минди түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 4,3 жана 4,3 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 29,7 жана 2,8 пайызга

көбөйгөн). Чыккан которуулардын саны 113,9 млн АКШ доллары суммасында 105,0 миң төлөмдү түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 5,7 жана 18,7 пайызга көбөйүү байкалган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр 17,8 жана 15,3 пайызга көбөйгөн).

***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 5,5 млн евро жалпы суммасында 14,1 миң кирген которуулар ишке ашырылган, өткөн чейрекке салыштырмалуу которуулардын саны 4,3 пайызга көбөйсө, көлөмү 2,0 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 23,3 жана 21,9 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 10,0 млн евро жалпы суммасында 4,8 миң транзакцияны түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 36,1 пайызга өскөн, ал эми анын көлөмү 2 эсе көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда саны 72,1 пайызга өссө, көлөмү 2,5 эсе көбөйгөн).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде 28 686,3 млн рубль суммасында 2 447,1 миң кирген которуулар ишке ашырылган, өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 3,3 пайызга өссө, көлөмү 6,8 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 19,8 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 21,6 пайызга азайган). Мындан тышкары, чыккан которуулар боюнча 4 750,0 млн рубль суммасында 142,1 миң транзакция ишке ашырылган, которуулардын саны өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 23,7 жана 11,1 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 12,1 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 14,7 пайызга азайган).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

2019-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча 29,2 млн теңге суммасында 0,4 миң кирген которуу ишке ашырылган, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 25,7 жана 19,2 пайызга төмөндөө байкалган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда төмөндөө тиешелүүлүгүнө жараша 38,4 жана 38,8 пайызды түзгөн). Чыккан которуулар 20,9 млн теңге жалпы суммада 0,2 миң транзакцияны түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 23,8 жана 35,9 пайызга төмөндөө байкалган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 37,9 жана 52,8 пайызга азайган).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде улуттук валютада чыккан которуулар болгон эмес.

Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелердин 1.2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында акча которуулардын эл аралык системасы боюнча акча которуу алуучуга жөнөтүүчү тарабынан көрсөтүлгөн жана Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы сомдон айырмаланган которуу/ төлөө валютасында берилет.

***8-таблица.***

Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар

| Акча которуу системалары | | 2018-ж. IV чейреги | | 2019-ж. III чейреги | | 2019-ж. IV чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны,** *(миң бирдик)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң бирдик)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң бирдик)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* |
| Western Union | Кирген | 93,7 | 2 495,2 | 189,6 | 3 750,6 | 314,1 | 5 167,4 |
| | Чыккан | 11,5 | 569,0 | 9,5 | 486,5 | 11,5 | 590,8 |
| Contact | Кирген | 99,9 | 3 044,8 | 69,8 | 2 194,1 | 61,5 | 1 981,9 |
| | Чыккан | 12,8 | 394,6 | 22,0 | 780,5 | 31,4 | 1 025,9 |
| Money Gram | Кирген | 22,2 | 859,0 | 21,3 | 890,9 | 23,2 | 927,9 |
| | Чыккан | 2,0 | 122,7 | 1,6 | 111,7 | 2,0 | 128,8 |
| Юнистрим | Кирген | 255,5 | 6 344,2 | 166,2 | 3 406,0 | 124,5 | 2 516,6 |
| | Чыккан | 6,1 | 745,0 | 4,3 | 522,1 | 7,1 | 1 232,9 |
| БЛИЗКО | Кирген | 0,3 | 6,4 | 0,2 | 7,3 | 0,2 | 4,9 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| FASTER | Кирген | 0,7 | 11,6 | 0,6 | 9,2 | 0,5 | 7,1 |
| | Чыккан | 0,4 | 8,2 | 0,3 | 5,9 | 0,2 | 2,9 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 878,8 | 36 905,2 | 2 329,9 | 36 815,0 | 2 313,8 | 34 777,1 |
| | Чыккан | 187,8 | 11 019,6 | 180,7 | 9 790,3 | 199,9 | 11 073,3 |
| RIA | Кирген | 2,0 | 68,8 | 3,5 | 112,4 | 4,3 | 133,4 |
| | Чыккан | 0,0 | 1,9 | 0,1 | 3,2 | 0,1 | 4,2 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 353,1** | **49 735,1** | **2 781,1** | **47 185,5** | **2 842,0** | **45 516,4** |
| | **Чыккан** | **220,6** | **12 861,0** | **218,4** | **11 700,2** | **252,1** | **14 058,7** |

### 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2020-жылдын 1-январына карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 22 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 22 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган.

2019-жылдын IV чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 9,8 млрд сом жалпы суммасында 44,3 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 4,1 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 41,41 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн саны 37,8 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 85,38 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салыктык жыйымдарга, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1 292,8 млн сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 13,10 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,7 пайызын) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1 394,7 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 14,13 пайыз), ал эми капчыктарды толуктоо саны 1 366,9 миң транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынан 3,09 пайызын) түзгөн.

***9-таблица***

Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | **Төлөмдүн түрү** | **Саны** *(бирдик)* | **Үлүшү** *(%)* | **Көлөмү,** *(миң сом)* | **Үлүшү** *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 37 810 491 | 85,38 | 4 086 394,9 | 41,41 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 52 249 | 0,12 | 11 306,9 | 0,11 |
| 3 | Интернет | 392 746 | 0,89 | 342 149,9 | 3,47 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 821 895 | 4,11 | 1 102 798,9 | 11,18 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 81 339 | 0,18 | 91 473,5 | 0,93 |
| 6 | Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр | 34 358 | 0,08 | 36 747,1 | 0,37 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 143 032 | 0,32 | 61 760,1 | 0,63 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 296 174 | 0,67 | 929 871,5 | 9,42 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 249 429 | 0,5 | 657 591,4 | 6,66 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 17 828 | 0,04 | 30 290,5 | 0,31 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 1 366 985 | 3,09 | 1 394 734,5 | 14,13 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 105 081 | 0,24 | 189 174,1 | 1,92 |
| 13 | Социалдык тармактар | 17 888 | 0,04 | 4 849,1 | 0,05 |
| 14 | Интернет-оюндар | 93 807 | 0,21 | 63 367,6 | 0,64 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 3 797 | 0,01 | 3 403,1 | 0,03 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 148 622 | 2,59 | 103 676,9 | 1,05 |
| 17 | Букмекердик чендер | - | 0,00 | - | 0,00 |
| 18 | Жарнама кызматтары | 784 | 0,00 | 426,6 | 0,00 |
| 19 | Жарыялар | 7 217 | 0,02 | 2 677,3 | 0,03 |
| 20 | Кайрымдуулук | 952 | 0,00 | 166,3 | 0,00 |
| 21 | Билим берүү | 2 387 | 0,01 | 5 884,5 | 0,06 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 42 | 0,00 | 340,9 | 0,00 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | - | 0,00 | - | 0,00 |
| 24 | Башка төлөмдөр | 636 819 | 1,44 | 749 206,7 | 7,59 |
| | **2019-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгында** | 44 283 922 | 100,00 | 9 868 292,4 | 100,00 |

16-график. Төлөмдөрдүн саны, %




17-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %




Төлөм уюмдарынын иши өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда отчеттук жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,34 өсеге көбөйүп, 7 699 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 2019-жылдын IV чейрегинин акырына карата электрондук акча боюнча көрсөткүч өскөн, бул аны колдонуунун жеңилдигине жана ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Электрондук акчанын эмитенти болуп тогуз коммерциялык банк саналат, электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он бир система иш алып барууда.


2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2019-жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 1,9 млн капчыктан көбүрөөктү түзүп, 1,6 эсе көбөйгөн.

Өткөн жылдын IV чейрегине салыштырмалуу отчеттук мезгил ичинде электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү болжолдуу түрдө 1,5 эсе көбөйүп, 5,9 млрд сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 3,0 млн операцияны түзүү менен 17,2 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу отчеттук мезгил ичинде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 1,4 эсеге көбөйүп, 1,8 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 11,65 пайызга азайып, 4,4 млн операция катталган.

2019-жылдын IV чейрегинде электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарды которуу көлөмү өткөн жылдын IV чейрегине салыштырмалуу 3,4 эсе көбөйүп, 1,3 млрд сомду түзгөн, акча каражаттарды которуунун саны 0,2 млн операцияны түзүү менен 60,33 пайызга көбөйгөн.

18-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (миң бирдик)




19-график. Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү



**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттердин ишке тартылышы коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2019-жылдын IV чейреги ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- 45 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, 2019-жылдын III чейрегине салыштырмалуу 13 агентке же 40,6 пайызга көбөйгөн;

- 177 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, 2019-жылдын III чейрегине салыштырмалуу 31 агентке же 14,9 пайызга төмөндөгөн.

**3. Методологиялык иш**

2019-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын токтому менен төмөнкү ченемдик укуктук актылар бекитилген:

- «Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 15-ноябрындагы №2019-П-14/56-4(ПС) токтомунун редакциясына ылайык;
- «Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 22/3 «Кыргыз Республикасында обочо туруп/аралыктан тейлөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-6 (ПС) токтомунун редакциясына ылайык;
- 2019-жылдын 11-декабрындагы №2019-П-14/62-5-(ПС) Эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелери;
- «Кыргыз Республикасынын төлөм системасын 2018-2022-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары» 2019-жылдын экинчи жарым жылдыгы үчүн отчет.

Коомдук талкуулоо өткөрүү максатында Улуттук банктын расмий интернет-сайтынын «Улуттук банктын ченемдик актылары»/«Талкуулоо үчүн долбоорлор» бөлүгүндө ченемдик укуктук актылардын төмөнкү долбоорлору жайгаштырылган:

- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 27-мартындагы № 9/10 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана банк эмес финансы-кредит уюмдарында кассалык операцияларды ишке ашыруу боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 28-майындагы №22/4 «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы №2017-П-12/23-8-(НПА) «Убактылуу администрация жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 26-майындагы № 36/7 «Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимдерди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата негизги талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө».